| 8. Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн паспорту | | |
|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Муниципалдык менчик объектти ижаралоо келишиминин же ага кошумча макулдашуунун жуп нускасын берүү |
| 2 | Кызмат көрсөткөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын (муниципалдык мекеменин) толук аталышы | Бишкек шаарынын мэриясынын жер ресурстар башкармалыгы же Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мүлк башкармалыгы |
| 3 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнү алуучулар | Бишкек шаарынын мэриясынын жер ресурстар башкармалыгы:<br>Шаардын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна ижара укугун алган юридикалык жана жеке жактар<br>Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгы:<br>шаардын муниципалдык менчигинде турган объекттерге ижара укугун алган юридикалык жана жеке жактар |
| 4 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негиздери | Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгы:<br>Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» мыйзамы<br>Кыргыз Республикасынын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» мыйзамы<br>Бишкек шаардык кеңештин 2011-жылдын 20-декабрындагы №288 «Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна ижара укуктарын берүүнүн тартибин жана шарттарын жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө» токтому.<br>Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгы:<br>Кыргыз Республикасынын Турак жай кодекси;<br>Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» мыйзамы;<br>Кыргыз Республикасынын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» мыйзамы;<br>Бишкек шаардык кеңештин 2002-жылдын 22-майындагы №127 «Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган кыймылсыз мүлк объекттерине карата чектелген буюм укуктарын берүү тартиби жөнүндө жобосун бекитүү тууралуу» токтому |
| 5 | Көрсөтүлгөн муниципалдык кызматтын акыркы жыйынтыгы | Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгы:<br>Жер участоктун ижара келишиминин же ага кошумча макулдашуунун жуп нускасы.<br>Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мүлк башкармалыгы:<br>Жер участогуна ижара келишиминин же ага болгон кошумча макулдашуунун жуп нускасы |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн шарттары | Кызмат көрсөтүү төмөнкүдөй шарттарда жүргүзүлөт:<br>белгиленген санитардык жана өрт ченемдерине жооп берген жайларда;<br>жарандардын имаратка жана санитардык-гигиеналык жайларга тоскоолдуксуз кирүүсү (ажаткана, жуунуучу бөлмөлөр), анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн (мындан ары – ДМЧА), пандустар, кармагычтар менен жабдылган имаратта, жайларда.<br>Келүүчүлөрдү кабыл алуу күтүү үчүн орундар, ажаткана менен жабдылган, жылытылган жайда жүргүзүлөт.<br>Жарандардын жеңилдик берилген категориялары (көрүү жана угуу боюнча ДМЧА, таяныч-кыймылдаткыч аппараты бузулган ДМЧА), улгайган жарандар, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары жана майыптары, ооруктун эмгекчилери жана аларга теңдештирилген адамдар, кош бойлуу аялдар кезексиз тейленишет |
| 7 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн мөөнөтү | кезектеги күтүү убактысы – жандуу кезектүүлүк;<br>документтерди кабыл алууга убакыттын жеткен чеги – 30 мүнөт;<br>документтерди кароо мөөнөтү – 14 жумуш күндүн ичинде;<br>жыйынтыкты берүү убагы – 5 мүнөт |
| **Муниципалдык кызмат көрсөтүүнү алуучуларды маалымдоо** | | |
| 8 | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат (керектүү маалыматтын тизмеги), стандартташтырууга жооптуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жөнүндө маалымдоо | Муниципалдык кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөнкүлөрдөн алууга болот:<br>Бишкек шаарынын мэриясынын жер ресурстар башкармалыгынан жана Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мүлк башкармалыгынан;<br>Бишкек шаарынын мэриясынын расмий сайтынан (meria.kg);<br>Бишкек шаарынын мэриясынын, Бишкек шаарынын мэриясынын жер ресурстар башкармалыгынын, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мүлк башкармалыгынын маалымат такталарынан.<br>Жарандарды кабыл алуу алар кайрылган күнү жүргүзүлөт.<br>Маалымат мамлекеттик жана расмий тилдерде берилет.<br>Бишкек шаарынын мэриясы - муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү стандартташтыруу үчүн жооптуу |
| 9 | Муниципалдык кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары (бардык мүмкүн | Муниципалдык кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары:<br>Көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүү жөнүдө маалымат төмөнкүлөр аркылуу жайылтылышы |

| | | |
|---|---|---|
| | болгон ыкмаларды мүнөздөө же санап кетүү) | мүмкүн:<br>Жалпыга-маалымдоо каражаттары;<br>Бишкек шаарынын мэриясынын расмий сайты (meria.kg);<br>Бишкек шаарынын мэриясынын жер ресурстар башкармалыгынын, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мүлк башкармалыгынын такталары;<br>- Бишкек шаарынын мэриясынын жер ресурстар башкармалыгынын жана Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мүлк башкармалыгынын кабылдамаларынын телефондору боюнча.<br>Даректер, телефон номерлери жана иштөө шарттамы муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарты менен бирге Бишкек шаарынын мэриясынын, Бишкек шаарынын мэриясынын жер ресурстар башкармалыгынын такталарында жана сайттарында жайгаштырылат |
| **Тейлөө жана муниципалдык кызмат көрсөтүү** | | |
| 10 | Келүүчүлөр менен пикир алмашуу | Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгындагы жана Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгындагы иш бөлмөлөрдүн эшиктеринде маалыматтык тактачалар жайгаштырылат.<br>Калк менен иштеген бардык кызматкерлердин аты-жөнү жана кызмат орду көрсөтүлгөн жекелештирилген тактачалары (бейдждери) бар.<br>Келүүчүлөр менен баарлашууда кызматкерлер этиканын төмөнкү негизги принциптерин сакташат: сылык, ак ниеттүү, сыпайы, сабырдуу, принципиалдуу болуу, маселени маңызына чейин терең талдоого умтулуу, баарлашуучуну уга билүүгө жана анын көз карашын түшүнүү, ошондой эле кабыл алынуучу чечимдерди аргументтөө.<br>Бардык кызматкерлер тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол бербөөчү, жарандарга карата этикалык ченемдерди сактоону, көз карандысыздыкты жана калыстыкты камсыздоочу, кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоочу кызматтык нускамалар (функциялык милдеттер) жана кесиптик-этикалык ченемдер сакталышы керек.<br>Медициналык жана социалдык көрсөткүчтөр боюнча өзгөчө муктаждыктарга ээ адамдар менен баарлашуу жана кызмат көрсөтүү аларга түшүнүктүү жана жеткиликтүү формада жүргүзүлөт |
| 11 | Купуялуулукту камсыздоо ыкмалары | Алуучу жана ага көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын мыйзамдары |

| | | |
|---|---|---|
| | | тарабынан каралган негиздер боюнча гана берилиши мүмкүн |
| 12 | Керектүү документтердин жана/же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн иш-аракеттеринин тизмеги | Арыз ээси кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн Бишкек шаарынын мэриясынын жер ресурстар башкармалыгына же Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мүлк башкармалыгына кайрылуусу зарыл.<br>Ошону менен бирге, арыз ээсинин жанында төмөнкүдөй документтер болушу зарыл:<br>Жеке жактар:<br>арыз;<br>паспорттун көчүрмөсү;<br>Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишеним кат (эгерде ишенимдүү жак болсо).<br>Юридикалык жактар:<br>арыз;<br>уюмдаштыруучу документтер (түп нускалары);<br>Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишеним кат (эгерде ишенимдүү жак болсо) |
| 13 | Акы төлөнүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн наркы | Кызмат акысыз негизде көрсөтүлөт |
| 14 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер боюнча аныкталат:<br>муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандартында билдирилген кызмат көрсөтүүнүн шарттарына жана мөөнөттөрүнө ылайык ишенимдүүлүгү жана өз убагында болуусу;<br>жынысы, расасы, тили, майыптыгы, этностук таандыктуулугу, диний ишеними, жаш курагы, саясий жана башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк жана башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча басмырлоого жол бербөө;<br>жеткиликтүүлүк, кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн жарандардан стандартта көрсөтүлгөн гана документтерди талап кылуу;<br>кызмат көрсөтүүнүн шарттарынын ушул стандартта белгиленген талаптарга шайкештиги: имаратка жеткиликтүүлүк, коммуналдык-тиричиликтик ыңгайлуулуктардын болушу, жарандар үчүн ыңгайлуу кабыл алуу графиги, маалыматтык колдоонун (басма жана электрондук форматтарда) болушу жана жеткиликтүүлүгү;<br>муниципалдык кызмат көрсөтүү учурунда кызматкерлердин сыпайылыгы жана сылыктыгы, кызмат көрсөтүүнүн бардык жол-жобосунун жүрүшүндө кеңеш берүү;<br>акыркы жыйынтыктын (алынган кызмат көрсөтүүнүн) керектөөчүнүн күткөн жообуна ылайык келүүсү;<br>даттануулар жана сунуштар китебинин |

| | | |
|---|---|---|
| | | жарандар үчүн жеткиликтүү жерде болуусу |
| 15 | Кызматтарды электрондук форматта көрсөтүү | Көрсөтүлбөйт |
| **Муниципалдык кызмат көрсөтүүдө баш тартуу жана даттануу тартиби** | | |
| 16 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | кайрылган адамдын кызмат көрсөтүүнү алууга укугу же башка жактын атынан аракеттенүүгө ыйгарым укугу жок болсо;<br>белгиленген талаптарга документтердин дал келбөөсү;<br>чындыкка дал келбеген маалыматтардын берилген документтерде болуусу |
| 17 | Даттануу тартиби | Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин түрдө берилет жана кызмат көрсөтүүнү алуучунун аты-жөнүн, жашаган дарегин, телефон номерин, дооматтын маңызын, кол тамгасын жана берген күнүн камтууга тийиш.<br>Ыйгарым укуктуу кызматкер даттануу арызын 1 жумуш күндүн ичинде каттайт жана жетекчиликке кароого жөнөтөт.<br>Даттанууларды жана дооматтарды кароо Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын же Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгынын жетекчилиги тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлөт.<br>Жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароонун жана арыз ээсине жоопту жөнөтүүнүн мөөнөтү, ал катталган күндөн баштап 14 жумушчу күндөн ашпоосу керек.<br>Даттануу боюнча кабыл алынган чечим менен канааттанбаганда арыз ээси Бишкек шаарынын мэриясына, андан ары сот тартибинде даттанууга укуктуу |
| 18 | Муниципалдык кызмат көрсөтүү стандартын кайра карап чыгуунун мезгилдүүлүгү | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарты үч жылда бир жолудан кем эмес мезгилдүүлүк менен кайра каралат |